Ысык- Ата району

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектеби.

Ата-энелер

кеңешмесинде

каралды 2.09.2022-жыл.

"Бекитемин"

Мектеп директору

2.09.2022-жыл.

# Ата-энелер комитети жөнүндө

# жобо

**1.Жалпы жоболор**

1.К.Маликов атындагы орто мектебинин ата-энелер комитети мектепти башкаруучу коомдук уюм мектептин уставынын негизинде ишмердүүлүгүн алып барат.

2.Мектептин ата-энелер комитети мектептин администрациясы менен тыгыз байланышта болуп мыйзам чегинде ишмердүүлүгүн жүргүзөт

3.Ата -энелер комитети педагогикалык жамаатка билим берүү процессин , окуучулардын социалдык жактан коргоосун жана сабактан тышкаркы убактысын уюштурууга көмөк көрсөтүү максатында түзүлгөн

4.Ата-энелер комитети класстын өзүн –өзү башкаруу уюму катары ар бир класста түзүлөт.

**II. Ата-энелер комитетинин негизги максаттары**

1. Билим берүү процессин уюштурууда окуучулардын ден соолугуну жана өмүрүнүн сактыгы ,баланын эркин өнүгүүшү үчүн шарт түзүү жана жакшыртуу.

2.Окуучулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын мыйзамдуу коргоо

3.Окуучулардын сабактан тышкаркы убактысын уюштурууда,билим берүү процессин жакшыртууда мектеп администрациясы,мектепти башкаруу органдары менен кызматташуу

## III.Ата-энелер комитетинин курамы жана түзүлүшү

**1.**Мектептин ата-энелер комитети класстык ата-энелер комитеттеринин төрагаларынан түзүлөт.

**2.**Класс ичинде ата-энелер комитети ар жылдын сентябрь айында шайланат,ата-энелер комитетинин сандык курамы ата-энелер чогулушунда чечилет.

**3**.Мектептин ата-энелер комитетинин курамына мектеп администрациясынын өкүлү кирет

**4.**Ата-энелер комитети өз курамынын ичинен комитеттин төрагасын шайлайт.

**5.**Ата-энелер комитетинин төрагасы ата-эне комитетинин ишин жетектейт бардык документацияны алып барат жана ага эмгек акы төлөнбөйт.

**6**. Класстардын жана жалпы мектептин ата-энелер комитеттери бир жылдык мөөнөткө шайланат

## IV.Ата-энелер комитетинин ыйгарым укуктары . Жоопкерчилиги

**1. Ата-энелер комитети ыйгарым укуктарга ээ**

*Билим берүү процессин уюштурууда оптималдуу шарт түзүүгө көмөктөшүүгө

*Класстардын ата-энелер комитеттеринин ишмердүүлүгүн уюштурууга

* Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү ) арасында алардын милдеттери жана укутары боюнча түшүндүрүү маалыматтык иш жүргүзүүгө

*Жалпы мектептик иш чараларды уюштурууда көмөк көрсөтүүгө

*Мектепти жаңы окуу жылга даярдоого катышууга

* Мектеп администрациясы менен биргелешип окуучулардын тамактануусун көзөмөлдөөгө

*Ата энелер комитетинин дарегине түшкөн кайрылууларды ошондой эле ата-энелер комитетинин компетенттүүлүгүнө тиешелүү суроолорду кароого

*Ата-энелер комитетинин компетенттүүлүгүнө кирген мектептин локалдык актылары боюнча тиешелүү маселелерди карап чечүүгө

*Мектептин санитардык гигиеналык [illegible]

процессин уюштурууда коопсуздук шарттарды түзүүгө катышат

**2**.Ата-энелер комитети мектептин башка да, алардын компетенттүүлүгүнө кирбеген маселелерди карап чечүүгө укуктуу эгерде аларга тиешелүү органдар уруксатын берсе

**3**. Бекитилген жобого ылайык компетенциясы боюнча ата-энелер комитети укукту:

*Мектеп администрациясына сунуштарды киргизип жана алардын каралышы боюнча чыгарылган жыйынтык жөнүндө маалымат алууга

* Келип чыккан маселелер боюнча мектеп администрациясына кайрылып алардын каралышы боюнча түшүндүрмө алууга

* Мектеп администрациясынан маалымат алууга жана угууларга катышууга

* Класстык ата-энелер комитеттеринин сунуштамасы боюнча өзүнүн отурумдарына окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкулдөрүн) чакырууга

*Каралган кайрылуулар боюнча чара көрүүгө жана түшүндүрмө берүүгө

*Балдарды үй-бүлөөдө тарбиялоодон баш тарткан ата-энелерге чара көрүүгө

* Окуучулардын активдүү ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) белгилеп кетүүгө

*Билим берүү процессин жакшыртууга материалдык көмөк көрсөтүү үчүн, ата-энелер комитетинин мүчөлөрүнүн жетекчилигинде фонддорду түзүүгө,өзүлөрүнүн функцияларын аткарылышын так уюштуруу максатында убактылуу же туруктуу комиссия түзүүгө.

*Ата-энелер комитетинин төрагасы ата- энелер комитетинин компетентүүлүгүнө кирген маселелерди кароодо айрым педкенешмелерге катыша алат, ата-энелер комитетине маалымат берүү максатында

**4**. Ата-эне комитетини жоопкерчиликтүү

* Өзүнүн иш планынын аткарылышына

*Өзүнүн чечимдерин жана окуучулардын ата-энелерине берилген сунуштамаларынын аткарылышына

## V.Иш тартиби

*Ата-энелер комитети чейректе бир жолу отурумга чогулат

*Ата-энелер комитетинин отуруму ата –энелер комитетинин курамынын 2/3 бөлүгүнөн кем эмес мүчөлөрү катышса мыйзамдуу деп эсептелет

*Ата-энелер комитетинин чечимдери көпчүлүк добуш менен кабыл алынат

*Эки тараптын добушу теңдүү болсо ата-энелер комитетинин төрагасынын добушу чечүүчү деп эсептелет

*Ата-энелер комитетинин отурумдарын эрежеге ылайык ата –энелер комитетинин төрагасы алып барат.

*Ата-энелер комитетинин төрагасы бардык иш кагаздарын алып барат жана ата-энелер комитетинин шайлоо мөөнөтү бүткөндөн кийин тиешелүү документтерди архивге өткөрөт

*Окуучулар боюнча келип чыккан маселелерди карап чыгууда ,отурумдарда окуучулардын ата-энелери мыйзамдуу өкүлдөрүнүн катышуусу зарыл.

*Мектептин ата-энелер комитетинин чечимдери алардын алардын мыйзамдуулугуна жана укуктуулугуна жараша мектеп администрациясына сунуштоо иретинде жеткирилет.

## VI.Иш кагаздар

1.Ата-энелер комитетини отурумдары протоколдоштурулат.Протоколдо отурумда каралган маселелер,суроолор, ата-энелер комитетинин мүчөлөрү киргизген сунуштары, эскертүүлөр сөзсүз көрсөтүлөт.Протоколго ата-энелер комитетинин төрагасы кол коёт.

2.Ата-энелердин комитетинин иш кагаздары мектепте сакталат